**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

26 июль 24-ж № 72 Бишкек ш.

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин иш-чаралар планын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөтү мезгилинде I-этап үчүн) бекитүү тууралуу**

Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 «2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгынын 3-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 250 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө жобонун 17-пунктунун 18-пунктчасына ылайык, **буйрук кылам:**

1. 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерциялык министрлигинин иш-чаралар планы (2025–2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн) ( мындан ары - План) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилери 2025-2027-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча өздөрүнүн ведомстволук иш-чаралар пландарын белгиленген компетенциянын чегинде ушул Пландын пункттарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды камсыз кылуу менен бирге иштеп чыгышсын.

3. Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилери:

1) Пландын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыз кылышсын;

2) квартал сайын отчеттук кварталдан кийинки айдын 5-күнүнө чейин, ошондой эле суроо-талап боюнча коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга Пландын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат беришсин. Мында ведомстволук бөлүмдөр жана аймактар аралык башкармалыгы ведомствонун планына ылайык маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

4. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу жыл сайын отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-февралынан кечиктирбестен жана суроо-талап боюнча ушул Планды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына, ошондой эле Кыргыз

3025

Республикасынын Президентинин Администрациясынын жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкер кеңешинин суроо-талаптары боюнча берсин.

5. Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилеринин Пландын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

6. Бул буйруктун жетектөөчү түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басарына жана министрдин орун басарларына жүктөлсүн.

7. Министрликтин 2023-жылдын 4-майындагы № 61 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерциялык министрлигинин тутумунда 2023-2025-жылдарга коррупциянын алдын алуу боюнча иш-чаралардын стратегиялык планын бекитүү тууралуу" буйругу 2025-жылдын 1-январынан тартып күчүн жоготот деп белгиленсин.

8. Контролдоо жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү ушул буйрукту министрдин биринчи орун басарына, министрдин орун басарларына, Министрликтин борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилерине жана коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга жеткирсин.

9. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Об утверждении Плана мероприятий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по реализации Государственной стратегии по противодействию коррупции в Кыргызской Республике на 2025–2030 годы (для I этапа на среднесрочный период 2025–2027 годов)**

В целях проведения единой государственной политики в области противодействия коррупции, в соответствии с пунктом 3 Указа Президента Кыргызской Республики «О Государственной стратегии по противодействию коррупции в Кыргызской Республике на 2025–2030 годы» от 5 июня 2024 года № 137, подпунктом 18 пункта 17 Положения о Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 250, **приказываю:**

1. Утвердить План мероприятий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по реализации Государственной стратегии по противодействию коррупции в Кыргызской Республике на 2025–2030 годы (для I этапа на среднесрочный период 2025–2027 годов) (далее – План) согласно приложению.

2. Руководителям подведомственных подразделений и межрегионального управления Министерства разработать собственные ведомственные планы мероприятий по противодействию коррупции на 2025-2027 годы, предусмотрев в них мероприятия по реализации пунктов настоящего Плана в рамках установленной компетенции.

3. Руководителям структурных подразделений центрального аппарата, подведомственных подразделений и межрегионального управления Министерства:

1) обеспечить своевременное и качественное выполнение Плана;

2) ежеквартально до 5 числа месяца, следующего за отчетным кварталом, а также по запросу представлять информацию о ходе исполнения Плана уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции. При этом подведомственным подразделениям и

межрегиональному управлению Министерства представлять информацию в соответствии с планом ведомства.

4. Уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции ежегодно не позднее 1 февраля, следующего за отчетным годом и по запросу представлять информацию о ходе реализации настоящего Плана уполномоченному государственному органу по предупреждению коррупции, а также по запросу Администрации Президента Кыргызской Республики и Антикоррупционного делового совета при Президенте Кыргызской Республики.

5. Установить персональную ответственность руководителей структурных подразделений центрального аппарата, подведомственных подразделений и межрегионального управления Министерства за качественное и своевременное выполнение Плана.

6. Возложить на первого заместителя министра, заместителей министра контроль за исполнением настоящего приказа курируемыми структурными подразделениями.

7. Установить, что приказ Министерства «Об утверждении Стратегического плана действий по предупреждению коррупции в системе Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики на 2023-2025 годы» от 4 мая 2023 года № 61 утрачивает силу с 1 января 2025 года.

8. Отделу контроля и делопроизводства довести настоящий приказ до сведения первого заместителя министра, заместителей министра, руководителей структурных подразделений центрального аппарата, подведомственных подразделений, межрегионального управления министерства и уполномоченного по вопросам предупреждения коррупции.

9. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министр** **Д.Дж. Амангельдиев**

(в отсутствии министра – заместитель министра И.Э. Асылкулов)

| | | |
|---|---|---|
| Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмүнүн башчысы | | Н.И. Новицкий |
| Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмүнүн башчысы | Т.О. | С.А. Садыкова |
| Персонал менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысы | | М.А. Хусаинова |
| Маалыматтык жана техникалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы | б.л. | Э.А. Джанузаков |
| Басма сөз кызматы | | Н.М. Тилекматова |
| Мамлекеттик тил жана лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башчысы | | Ж.М.Дегенбаева |

*Аткаруучу:*

| | | |
|---|---|---|
| Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу | | Н.К. Сыдыгалиева |

Кыргыз Республикасынын
Экономика жана коммерция министрлигинин
2024-жылдын «26» 07 №72 буйругуна тиркеме

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин иш-чаралар планы**
**(2025-2027-жылдардын отрто мөнөттүү мезгилинде 1-этап үчүн)**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| **Коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, аларды практикада колдонуунун натыйжалуулугүн камсыздоо** | | | | | | |
| 1 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген адамдардын жана алардын жакын туугандарынын кирешелери, чыгымдары, мүлкү жана милдеттенмелери жөнүндө бирдиктүү салык декларациясын текшерүүнү (талдоону) жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салуучу укуктук | Төмөнкүлөрдү караган ченемдик укуктук актылардын тиешелүү долбоорлорун иштеп чыгуу жана ченем жаратуучу органдарга киргизүү:<br>- Бирдиктүү салык декларациясында көрсөтүлгөн маалыматтарга чыгашалардын кирешелерге дал келүү предметине текшерүү (талдоо) жүргүзүү;<br>- белгиленген мөөнөттөн кийин декларация берүүдө талдоо материалдарын берүү же берилген декларацияда толук эмес жана/же анык эмес маалыматтар болгондо салык кызматы органдарынын прокуратура органдары менен өз ара аракеттенүү тартиби | 2026-жыл | Төмөнкүлөрдү караган "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы № 687 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 107-беренесинин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому кабыл алынды:<br>- чыгашалардын кирешелерге ылайык келишин текшерүүнүн укуктук механизмдерин киргизүү;<br>- мамлекеттик жана | Салык саясаты башкармалыгынын Салык саясаты бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ченемдерди өркүндөтүү | | | муниципалдык кызмат ордун ээлеп турган же ээлеген жеке жактын бирдиктүү салык декларациясында көрсөтүлгөн маалыматтарды талдоо материалдарын берүү жөнүндө салык кызматы органдарынын прокуратура органдары менен өз ара аракеттенүү тартибин белгилөө. | | |
| **Коррупцияны алдын алуу максатында мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыздоо** | | | | | | |
| 2 | Мамлекеттик башкаруу органдарынын ишинде айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекемдөө | Министрликтин жана ведомстволук бөлүмдөрдүн ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктоочу ченемдик укуктук актылардын жоболорунда, кызматтык нускамаларында жетекчилеринин кол алдындагы кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышына, кызматтык тартиптин абалына үзгүлтүксүз контролду камсыз кылуу аркылуу жоопкерчилигин бекитүү | 2025-жылдын III кварталы | Министрликтин жана ведомстволук бөлүмдөрдүн ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктоочу ченемдик укуктук актыларына, кызматтык нускамаларына коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү чараларын көрбөгөндүгү үчүн алардын жетекчилеринин жоопкерчилигин жогорулаткан толуктоолор киргизилди | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу.<br><br>Персонал менен иштөө боюнча бөлүмү.<br><br>Ведомстволук бөлүмдөр.<br><br>Укуктук камсыздоо башкармалыгынын Укуктук колдоо | Талап кылынбайт |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жана экспертиза бөлүмү | |
| 3 | Мамлекеттик кызматкерлердин арасында коррупцияга каршы жүрүм-турумдун туруктуу стандарттарын калыптандыруу | Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун бирдиктүү стандарттарына ылайык Министрликте коррупцияга каршы жүрүм-турумдун стандарттарын бекитүү боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу | Типтүү Стандарттар кабыл алынгандан кийин | ЭКМде мамлекеттик кызматкерлердин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарттары кабыл алынган | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу | Талап кылынбайт |
| 4 | Мамлекеттик башкаруу системасынын кызматкерлеринин коррупциялык мотивациясын төмөндөтүү | Кызыкчылыктардын кагылышын алдын алуу жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында кадрдык ротацияларды өткөрүү | 2025-2027-жылдар | Кызыкчылыктардын кагылышуусуна бөгөт коюлду, коррупциялык тобокелчилик азайды | Персонал менен иштөө боюнча бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| 5 | Мамлекеттик башкаруу системасында коррупцияга каршы идеологияны, моралдык-этикалык, адеп-ахлактык жана баалуулук багыттарды калыптандыруу. | Министрликтин кызматчыларынын этика ченемдерин сактоосун камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексинин талаптарын кызматчылардын так аткаруусу боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин күчөтүү. | 2025-2027-жылдар | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексинин талаптарын кызматчылардын так аткаруусу боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. | Этика боюнча комиссия.<br><br>Персонал менен иштөө боюнча бөлүмү. | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Мамлекеттик кызматчылардын кесиптик компетенциясын жогорулатуу, коррупцияга каршы жүрүм-турумдун туруктуу принциптерин калыптандыруу | Кызматкерлер үчүн кызыкчылыктардын кагылышын жана коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу, этикалык стандарттарды сактоо, жүрүм-турумдун антикоррупциялык моделин иштеп чыгуу жана коррупциялык мотивацияны төмөндөтүү боюнча тренингдерди жана семинарларды өткөрүү. | 2025-2027-жылдар | Кызматчылардын 30%дан кем эмесин камтуу менен окутуу тренингдери туруктуу негизде өткөрүлөт | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу.<br><br>Персонал менен иштөө боюнча бөлүмү.<br><br>Этика боюнча комиссия. | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| **Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу** | | | | | | |
| 7 | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | Электрондук форматта өзгөчө товарлардын экспортуна / импортуна / транзитине лицензияларды / корутундуларды / уруксаттарды электрондук форматта чыгарууну автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү. | 2025-2027-жылдар | Электрондук форматта өзгөчө товарлардын экспортуна / импортуна / транзитине лицензияларды / корутундуларды / уруксаттарды электрондук форматта чыгарууну автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. | Соода саясаты башкармалыгынын Экспорттук контролдоо жана лицензиялоо бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| | | Экспорттук контроль чөйрөсүндө уруксаттарды кароо жана берүү жол-жоболорун автоматташтырууну | 2025-2027-жылдар | Экспорттук контроль жаатындагы уруксаттар электрондук форматта каралат | | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | киргизүү. | | жана берилет. | | |
| 8 | "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингге берүү бөлүгүндө өркүндөтүү | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет тарабынан аккредиттелген жеке юридикалык жактарга берүү (аутсорсингге) мүмкүнчүлүгүн караган "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу жана ЖКга киргизүү | 2025-жылдын I жарым жылдыгы | "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| | | Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБОнун аутсорсингди уюштуруу үчүн кызмат көрсөтүү боюнча функцияларына талдоо жүргүзүүнү уюштуруу боюнча, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингге берүүнүн вариантын аныктоо жана баалоо үчүн рыноктун даярдыгын талдоо тартибин аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү караган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө | 2025-жылдын III кварталы | Типтүү жобону бекитүү жөнүндө ченемдик укуктук акт кабыл алынды | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмү | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | юридикалык/жеке жактарды мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу | | | | |
| 9 | Жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу | Коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу келип түшкөн кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо жүргүзүү | 2025-2027-жылдар | Ички укуктук актылар аркылуу коррупцияны алдын алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнгө салынды, ал жыл сайын жүргүзүлөт | Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмү. Ведомстволук бөлүмдөр. | Талап кылынбайт |
| **Мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана финансылык контролдоо системаларын өркүндөтүү** | | | | | | |
| 10 | Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү | 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Улуттук банкка квартал сайын берүү | 2025-2027-жылдар | Кварталдык отчет Улуттук банкка жөнөтүлүп турат | Монополияга каршы саясат, атаандаштыкты өнүктүрүү жана бааларды түзүү башкармалыгынын Монополияга каршы саясат жана атаандаштыкты өнүктүрүү бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| 11 | Юридикалык жактардын бенефициардык | Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы | Ыйгарым укуктуу органдын | Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн жана катталган юридикалык | ЭКМге караштуу Финансы рыногун жөнгө | Мамлекеттик органдар үчүн каралган |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ээлеринин ачык-айкындуулугун камсыздоо | аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы тарабынан көзөмөлдөнгөн акыркы бенефициарлар жөнүндө маалыматты андан ары Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн жана катталган юридикалык жактардын бенефициардык ээлери жөнүндө электрондук маалымат базасын түзүү үчүн берүү. | суроо-талабы боюнча | жактардын бенефициардык ээлери жөнүндө электрондук маалымат базасынын актуалдуулугу | салуу жана көзөмөлдөө кызматы | каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| **Ишкердик субъекттерин коргоо системасын өркүндөтүү жана жагымдуу инвестициялык чөйрөнү өнүктүрүү, коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөө** | | | | | | |
| 12 | Ишкердик ишти жөнгө салуучу мыйзамдарды оптималдаштыруу жана өркүндөтүү | Жагымдуу ишкер чөйрөнү түзүүгө, коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган ишкердик ишти коргоонун укуктук негиздерин, кепилдиктерин аныктоочу Кыргыз Республикасынын Ишкердик кодексинин долбоорун иштеп чыгуу жана ЖКга киргизүү. | 2025-2026-жылдар | Кыргыз Республикасынын Ишкердик кодекси кабыл алынды | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Ишкердикти өнүктүрүү бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |
| | | "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик контролдоочу органдардын ишин баалоо | Жыл сайын, I кварталдын ичинде | Сунуштарды иштеп чыгуу менен тиешелүү талдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Лицензиялык-уруксат берүү | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жиберилди | системасы, контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жана ЖСТТ саясаты бөлүмү | |
| 13 | Мыйзамдарга ылайык ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жазма буйруктарын байланышсыз макулдашууну камсыздоо | Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин proverka.gov.kg порталын модернизациялоо жана жаңылоо | 2025-жыл | Ыйгарым укуктуу органдар тарабынан ишкердик субъекттерине жүргүзүлүүчү пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөр proverka.gov.kg порталы аркылуу маалыматтык технологияларды (QR код ж.б.) колдонуу менен макулдашылууда | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Лицензиялык-уруксат берүү системасы, контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жана ЖСТТ саясаты бөлүмү<br><br>ЭКМге караштуу аймактар аралык башкармалыгы | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |
| 14 | Коммерциялык уюмдардын башкаруучулары жана менеджерлери үчүн ак ниет башкаруунун кесипкөй | ISO 37001 стандартынын артыкчылыктары жана пайдалары жана Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун (ЭКӨУ) корпоративдик башкаруу принциптери жөнүндө кеңири маалыматтык өнөктүктү өткөрүү | 2025-жыл | Маалыматтык өнөктүк өткөрүлдү | ЭКМге караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| | стандарттарын ишке киргизүү | | | | | Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |
| 15 | Бизнес чөйрө үчүн корпоративдик башкаруу жана ачык отчеттуулук принциптерин ишке киргизүү | Ак ниеттүү корпоративдик башкарууну ишке киргизүү механизмдерин иштеп чыгуу | 2025-2027-жылдар | Ири, орто компанияларда (банктар, холдингдер, мамлекеттик ишканалар жана капиталында мамлекеттик үлүштөрү бар акционердик коомдор) корпоративдик башкаруу принциптери ишке киргизилди | ЭКМге караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы | |
| 16 | Ишкердик иштин субъекттеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адамдын ишинин укуктук жана институттук негиздерин түзүү | Ишкердик иштин субъекттеринин укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам институтунун (Бизнес-акыйкатчы) ишинин укуктук жана институттук негиздерин регламенттештирүү менен анын активдүү ишин кайра баштоо | 2025-2026-жылдар | "Ишкердик иштин субъекттеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам (Бизнес-акыйкатчы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы иштелип чыкты жана кабыл алынды | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Ишкердикти өнүктүрүү бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |
| 17 | Ишкердик субъекттеринин укуктарын коргоонун укуктук инструменттерин | 1. Мезгилдүү негизде төмөнкүлөрдү жүргүзүү:<br>1) чечимдерди даттануу механизмдеринин жана каналдарынын жеткиликтүүлүгүн жана | 2025-2027-жылдар | Коррупцияны алдын алуу жана ишкерлердин укуктарын коргоо боюнча чараларды иштеп чыгуу үчүн мезгилдүү негизде ишкердик | ЭКМге караштуу аймактар аралык башкармалыгы.<br><br>Бизнес-чөйрө | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ишке киргизүү | натыйжалуулугун талдоону жана ишкерлердин укуктарын коргоону камтыган текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу жана чыгарылган чечимдерге даттануу жол-жоболорун сактоого мониторинг жүргүзүү;<br>2) мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануу, коррупциялык көрүнүштөр же негизсиз иш-аракеттер учурларын аныктоону кошкондо, жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн практикасын жана натыйжаларын талдоо | | субъекттеринин кайрылууларына (билдирүүлөрүнө) мониторинг жана талдоо жүргүзүлүүдө | саясаты башкармалыгынын Лицензиялык-уруксат берүү системасы, контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жана ЖСТТ саясаты бөлүмү | республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |
| | | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишинде автоматташтырылган маалыматтык системаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, ал тобокелдиктин аныкталган критерийлери боюнча текшерүүгө тийиш болгон тобокелдикке багытталган субъекттердин тизмесин түзүүгө мүмкүндүк берет.<br>Ишкердик субъекттери менен кайтарым байланышты кароо, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын сайттарында текшерүүлөрдү жүргүзүү процессин жөнгө салуучу, ишкердик | 2025-2026-жылдар | Автоматташтырылган маалыматтык система ишке киргизилди, ал тобокелдиктин аныкталган критерийлери боюнча текшерүүгө тийиш болгон тобокелдикке багытталган субъекттердин тизмесин түзүүгө мүмкүндүк берет | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Лицензиялык-уруксат берүү системасы, контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жана ЖСТТ саясаты бөлүмү | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | субъекттеринин укуктарын баяндоочу документтерге ачык жеткиликтүүлүктү камсыздоо | | | | |
| | | ЭКМнын расмий порталында ишкердик субъекттерин каттоодо ишкердик субъекттеринин ишин текшерүү боюнча электрондук санариптик кол тамганы (ЭСК) ишке киргизүү | 2025-2026-жылдар | Ишкердиктин субъекттерине пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүгө мамлекеттик контролдоо органдарынын (МКО) жазма буйруктарын макулдашуу жол-жоболорун жүргүзүүдө коррупциялык тобокелдиктерди жоюу | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Лицензиялык-уруксат берүү системасы, контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жана ЖСТТ саясаты бөлүмү | |
| | | Прокуратура органдарында аларды каттагандан кийин гана ишкерлер менен кайтарым байланышты, ыйгарым укуктуу органдардын сайттарында ишкердик субъекттеринин укуктарын баяндоо менен текшерүү процессин регламенттештирген документтерге ачык жеткиликтүүлүктү кароо менен, укук коргоо, салык жана башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү ишкердик субъекттерин текшерүүнүн укуктук механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2025-2026-жылдар | Ишкердик субъекттеринин ишине текшерүү жүргүзүүнүн тартибин аныктоочу ченемдик укуктук акт кабыл алынды | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын Лицензиялык-уруксат берүү системасы, контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жана ЖСТТ саясаты бөлүмү | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Санариптештирүү процесстерин өнүктүрүү жана азыркы этапта коррупцияга каршы күрөшүүнүн натыйжалуу чараларынын бири катары мамлекеттик түзүмдөрдүн ишине маалыматтык технологияларды киргизүү** | | | | | | |
| 18 | Актуалдуу жана жаңыртылуучу улуттук таанымал кызмат адамдарынын маалыматтар базасын жүргүзүү | Улуттук таанымал кызмат адамдарынын (мындан ары - ТКА) маалымат базасына маалыматтарды өз убагында киргизүү | Дайыма | Актуалдуу жана жаңыртылуучу ТКА маалыматтар базасынын болушу | Персонал менен иштөө боюнча бөлүмү | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| 19 | Тышкы экономикалык ишти жөнгө салуу системасында "бирдиктүү терезе" механизмин өнүктүрүү | Бажы органдары тарабынан бажылык тариздөөдө уруксат берүүчү документтердин электрондук форматтарын пайдалануу. | 2025-2027-жылдар | Бажылык тариздөө "бирдиктүү терезе" маалыматтык системасында жеткиликтүү болгон уруксат берүүчү документтердин электрондук форматтарын пайдалануу менен жүргүзүлөт. | ЭКМге караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе борбору" МИ | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. |
| 20 | Тышкы соода чөйрөсүндө "Бирдиктүү терезе" маалыматтык системасы (мындан ары - БТМС) аркылуу электрондук уруксат берүүчү документтерди берүү боюнча бизнес-процессти | Санариптик технологияларды колдонуу аркылуу тышкы соода операцияларын жүргүзүү үчүн документтерди даярдоодо административдик жол-жоболорду оптималдаштырууну караган ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү | 2025-2027-жылдар | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары кабыл алынды | ЭКМге караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе борбору" МИ | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдү |
| | | Өзгөчө товарларды экспорттоого/импорттоого/ транзиттөөгө лицензияларды/ корутундуларды/уруксаттарды | Дайыма | Өзгөчө товарларды экспорттоого/импорттоого/ транзиттөөгө лицензия/ корутунду/уруксат БТМС | | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | автоматташтыруу | электрондук форматта берүү үчүн БТМСти пайдалануу | | аркылуу берилүүдө | | н каражаттары. |
| 21 | Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин алдындагы Кыргыз аккредитациялоо борбору (мындан ары - КАБ) тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтарды санариптештирүүнү оптималдаштыруу | Жеринде баалоо процессинен тышкары, аккредитациялоонун бардык этаптары боюнча "е-аккредитация" маалыматтык тармагын оптималдаштыруу процесстерин улантуу | 2025-2027-жылдар | КАБдын мамлекеттик кызматтары (жеринде баалоо процессинен жана этабынан тышкары) аккредитациялоо боюнча иштин акыркы натыйжасына чейин Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында электрондук форматта көрсөтүлүүдө | ЭКМге караштуу Кыргыз аккредитациялоо борбору | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |
| 22 | Стандартташтыруу жана метрология жаатындагы акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү | Серверди "Түндүк" ЭВӨСкө кошуу боюнча техникалык иштиэтап-этабы менен улантуу<br><br>Ченөө бирдейлигин камсыздоо жаатында маалыматтык фондду иштеп чыгуу | 2025-2027-жылдар | Мамлекеттик органдар менен өндүрүш секторлорунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ачык-айкын автоматташтырылган механизми | ЭКМге караштуу Стандартташтыруу жана метрология боюнча борбору | Республикалык бюджет.<br><br>Эл аралык донорлор, гранттык каражаттар. |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 23 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, административдик жол-жоболорду санариптештирүү | Сертификатталган "халал" (адал) азыктарын көзөмөлдөөнүн маалыматтык системасын иштеп чыгуу жана киргизүү жана андан ары "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасына интеграциялоо | 2025-жылдын IV-кварталы | Сертификатталган "халал" (адал) азыктарын көзөмөлдөөнүн маалыматтык системасы "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасына интеграцияланды | ЭКМге караштуу "Адал-индустриясын өнүктүрүү боюнча борбор" ММ | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет.<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары. |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
